# ***Кыргыз тили айлыгынын бир айлык маалыматы***

*№10 А.П.Гайдар* атындагы *орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы бир айлык кыргыз тилине карата өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча маалыматы*

## Кыргыз тили айлыгынын бир айлык маалыматы

**№10 А.П.Гайдар атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылындагы бир айлык кыргыз тилине карата өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча маалыматы**

Бир айлык кыргыз тили № 10 А.П. Гайдар орто мектебинде 15-сентябрдан баштап өтүүдө.Бул күнү салтанаттуу жыйналыш өткөрүлүп,ушул күндөн баштап кыргыз тили айлыгынын башталгандыгын жарыяладык.

15-сентябрь күнү кыргыз тили айлыгынын ачылыш жыйналышын “Кылым карыткан кыргыз тили”,-деген темада кыргыз тили мугалими Нурматова М.М. жетекчилик кылды.

Бул жумадан баштап кыргыз тили жана адабияты мугалимдери ар бир сабакта өз тилибиздин туруктуулугун,түпкүлүктүүлүгүн,ата-салт,үрп-адат,улуттук оюндар,тамак-аш,кийим-кече жана кыргыздын көлөмдүү чыгармасы болгон “Манас” эпосунун да сакталып келгендигин баса белгилеп өтүп жатышат.

22-сентябрда “Кылым карыткан кыргыз тили”деген темада 1-7-класстар ортосунда сүрөт сынагы,ал эми 8-11-класстар арасында дубал газеталар жана көргөзмөлөр конкурусу өткөрүлдү.Буга жооптуу кыргыз тили мугалими Нурматова М.М жана ошондой эле класс жетекчилер жооптуу болду.Булардын арасынын эң мыкты деген сүрөттөр жана дубал газеталар көрсөтүлүп аларды жетекчилик грамалар менен сыйлады.

28-сентябрда “Ырдайлы кыргыз ырларын”сынагы (башка улуттун өкүлдөрүнүн аткаруусунда) 5-11-класстар ортосунда өткөрүлдү.Буга жооптуу кыргыз тили мугалими Толубаева Н.Ж. жана музыка мугалими,класс жетекчилердин жардамынын негизинде өткөрүлдү.Булардын арасынан да эң мыкты ырдаган окуучулар   граматалар менен сыйланды.

30-сентябрда “Жомоктор бизде мейманда”деген темада 2-4-класстар,жомокторду ролдоштуруп аткарышты.Буга жооптуу

кыргыз тили мугалими Сайфудинова Э. Бердибаева Ч. Джумабаева С. Ошондой эле класс жетекчилер жооптуу болушту.Окуучулар өз чеберчиликтери менен жакшы аткарып беришти.

14-ноябрда 9-класстар ортосунда КВН “Мен кыргызмын “аттуу таймашуу болуп өттү.Буга Орозбаева З.С жооптуу болду.

12-ноябрда “Сармерден” Жигит –кыздар таймашуусу 1-11-класстардын катышуусунда өткөрүлдү.Буга кыргыз тили мугалими Турдуева М.К. жооптуу болду.

15-ноябрь күнү кыргыз тили айлыгынын жабылыш жыйналышын өткөрдүк.Жыйналышта бир айлыктын ичинде өткөргөн иштерибиз боюнча отчет бердик жана ар бир өткөрүлгөн конкурстарды баалап,аларды грамоталар менен сыйладык.Кыргыз тили айлыгынын жабылыш жыйналышына жетекчи кыргыз тили мугалими Нурматова М.М. жетекчилик кылды.

Директор : Толубаева Э.Ш.

УБ жетекчиси : Нурматова М.М.